УДК 894.341
DOI 10.58649/1694-5344-2025-3-151-154

**ЖАМГЫРЧИЕВА Г.Т.**
Ош мамлекеттик университети
**ЖАМГЫРЧИЕВА Г.Т.**
Ошский государственный университет
**JAMGYRCHIEVA G.T**
Osh State University

ORCID: 0009-0001-9817-2008

# ААЛЫ ТОКОМБАЕВДИН АҢГЕМЕ ЖАНРЫНДАГЫ ЧЕБЕРЧИЛИГИ

## МАСТЕРСТВО ААЛЫ ТОКОМБАЕВА В ЖАНРЕ РАССКАЗА

## AALY TOKOMBAYEV'S MASTERY IN THE STORY GENRE

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада А. Токомбаевдин аңгеме жанрындагы жазуучулук чеберчилиги, андагы реалдуулук менен көркөмдүктүн айкалышуусу, реалисттик адабий багыттын өзгөчөлүгү, идеялык-тематикалык наркы тууралуу сөз болот. Макаланын актуалдуулугу күн тартибинен түшпөй келе жаткан жазуучу аңгемелеринде алып чыккан социалдык-турмуштук маселелерден тартып, каармандардын жеке адамдык деңгээлдеги көйгөйлөрү бирдикте камтылгандыгында. Ошондой эле алардагы пенденин адамдык парасатынын мааниси ачыкталган. Макаланын максаты – Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгындагы аңгеме жанрынын ордун, алардагы турмуш чындыгынын көркөм чагылдырылышын ачып берүү, милдети – жазуучунун аңгеме жанрындагы чыгармаларынын мисалында адабий талдоо жүргүзүү менен аңгемелердин көркөм адабий чыгармачылыктагы жана коом турмушундагы маанисин аныктоо.

**Аннотация:** Статья, посвященная прозе А. Токомбаева в жанре рассказа, раскрывает особенности его писательского мастерства, анализируя сочетание реального и вымышленного, специфику реалистического метода, а также идейно-тематическое значение произведений. Актуальность статьи определяется теми направлениями, которые охватывают общественно-житейские проблемы, поднимаемые автором в его рассказах наряду с проблемами личностного уровня. Статья стремится проанализировать жанр рассказа в творчестве Аалы Токомбаева, исследуя его роль в отображении реальности и определив его значение для литературы и общества через литературоведческий анализ конкретных произведений писателя. Основная задача – показать, как через рассказы Токомбаев изображал действительность и каково их место в его художественном наследии и общественной жизни.

**Abstract:** The article examines A. Tokombaev's writing skills in the short story genre, the combination of reality and fiction in it, the features of the realistic literary movement, and its ideological and thematic significance. The relevance of the article will be determined by those areas that cover social and everyday problems raised by the author in his stories, together with problems at the personal level. They also reveal the meaning of human intelligence. The purpose of the article is to reveal the place of the short story genre in the works of Aaly Tokombaev, the artistic depiction of the reality of life in them, the task is to determine the significance of stories in artistic and literary creativity and public life by conducting a literary analysis using the example of the writer's works in the short story genre.

**Негизги сөздөр:** кыргыз адабияты аңгеме жанры; Аалы Токомбаев; жазуучунун чеберчилиги; идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүк; тематикалык алкак; социалдык көйгөйлөр; аң-сезимдин өсүшү; образ түзүүдөгү чеберчилик; көркөм сөз каражаттары.

**Ключевые слова:** кыргызская литература; жанр рассказа; Аалы Токомбаев; писательское мастерство; идейно-художественная особенность; тематическая структура; социальные проблемы; рост сознания; мастерство создания образа; художественные средства выразительности.

**Keywords:** Kyrgyz literature; story genre; Aaly Tokombaev; writing skills; ideological and artistic features; thematic structure; social problems; growth of consciousness; skill in creating an image; artistic means of expression.

**Киришүү.** Заманда болуп жаткан өзгөрүүлөр көркөм адабиятта тынымсыз чагылдырылып келет. Түрдүү мезгилдердеги коомдун ар тараптан дүркүрөп өсүшүнө байланышкан факторлор адамдарга таасирин тийгизип, социалдык, турмуштук улам жаңы проблемаларды жаратып келгени белгилүү жана анын баары ар кыл ракурста көркөм жалпыланат. Көркөм сөздүн бардык жанрларынын өзүнө ылайык орду, аткаруучу кызматы бар. Окурмандарга чакан көлөмү, бир дем менен окулуп кабыл алууга ыңгайлуулугу менен жаккан жанр – аңгеме. Бул жанрга адабий сынчы М. Борбугулов мындайча мүнөздөмө берет: “Кыргыз адабиятынын жанрларынын ичинде аңгеме жанры өзгөчө орунду ээлейт. Аңгеме – эпикалык текке таандык кара сөз түрүндөгү адабияттын түрү. Анын так аныкталган чеги жок, аңгеме новелла, очерк жанрларын бири-биринен ажыратуу кээде оңой эмес. Ошондой болсо да, кеңири жана жалпы маанисинде алганда, аңгеме новелладан мурун, б. а., эң байыркы заманда пайда болгон. Аңгеме көбүнчө адамдын башынан өткөргөн бир окуяны сүрөттөгөн көлөмү анча чоң эмес чыгарма болуп саналат”. [3, 410-б.] Ошентип адам мүнөздөрү, жашоо шарттары жөнүндө кабар берген окуялары жөнөкөй түзүлүп, карапайым, элестүү тил менен сүрөттөлгөн, көлөмү анча чоң эмес, кара сөз түрүндө жазылган чыгармалар болгон аңгемелердин көтөргөн идеялык жүгү масштабдуу романдардан кем эмес. Маселен жазуучу Э. Хэмингуей атактуу көлөмдүү романдары бар туруп бир аңгемеси, тактап айтканда, “Чал жана деңиз” үчүн Нобель сыйлыгын алган. Ал эми кыргыз адабиятындагы аңгеме жанрынын тарыхы өзүнчө сөз кылууга татыктуу. Алтымышынчы жылдардагы жазуучулардын атактуу муунунун катарында адабиятыбызга келип кирген А. Саспаев кыргыздын Чехову деген атка конуп аңгеме жанрынын чебери аталган. Кыргыз эл жазуучусу А. Токомбаев да калемгерлик жолун алгач поэзиядан баштап, бирок кийинчерээк прозада, драматургияда да эмгектенди. Ал – советтик доордун көркөм сөз чеберлеринин ири өкүлү, коомдук-саясий турмушка активдүү катышкан инсан. Жазуучунун аңгеме жанрындагы көркөм туундулары лирикалык маанайы, романтикалуулугу, турмуштун түрдүү жагдайларын камтуусу, образ жаратуудагы чеберчилиги менен окурманды өзүнө тартып турат. Жазуучу коомдук-нравалык маселелерди ар дайым көтөрүп келгендиктен, анын чыгармачылыгын кыргыз жергесиндеги, өзгөчө элеттеги социалдык өзгөрүүлөр, адамдардын кулк-мүнөзү менен бирге иликтөө максатка ылайык.

**Негизги бөлүм.** Аалы Токомбаевдин “Канаттуу достор: Балдар аңгемеси” деген алгачкы аңгемеси 1935-жылы чакан китепче катары (22 бет) жарык көргөн экен. “Жараланган жүрөк. Повесттер жана аңгемелер” деген аталыштагы жыйнагы 1963-1981-жылдар аралыгында төрт жолу улам толуктоолор менен басылып кийинки аңгемелери киргизилген. Ал эми “Акай мерген” аңгемеси чакан китепче түрүнө 1976, 1984-жылдары эки жолу басылган. “Күүнүн сыры” аңгемеси болсо жазуучунун ырлар, аңгемелер, повесттерин камтыган жыйнактарында 1984, 1991-жылдары жарык көргөн.

Жогоруда белгиленген “Акай мерген”, “Жол жомогу”, “Күүнүн сыры”, “Даат” ж.б. аңгемелери залкар жазуучунун бул чакан жанрда жазган чыгармалары болуп саналат. Кандай гана татаал турмуштук кырдаалдарга карабастан адамдын өмүр учугунун уланып турушун, өмүрдөгү кусалуу, өзгөчө бир ирмемдерди баса белгилөө А. Токомбаевдин аңгемелеринин кредосу десек болот. Бул жагынан аталган аңгемелердин новеллистикалык белгилерге да ээ экендиги байкалат. Мында А. Токомбаевдин жазуучу катары калыптанышына таасирин тийгизген ички, тышкы факторлор орун алган. Жазуучунун өмүр баянын чыгармачылыгы менен бирге айкалыштырып изилдөө жакшы натыйжаларды берет. Жазуучунун чыгармачылык эволюциясы жана андагы тематикалык башкы багыттар, проблемалар автор жашаган советтик доордун спецификасына ылайык келет. А. Токомбаевдин прозалык чыгармаларынын, анын ичинде аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, турмушту сүрөттөөдөгү, образдарды ачып берүүдөгү чеберчилиги өз учурунда бир топ жаш жазуучуларга үлгү болгон, алардан жазуучунун атуулдук позициясы көрүнүп турат.

А. Токомбаевдин жекече стили, чыгармачылык эволюциясын советтик доордун контекстинде кароо логикалуу. Мында ошол жылдардагы жазуучунун чыгармачылыгынын негизги багытын, мүнөзүн, изденүү мотивин аныктоо, аңгеме

жанрында иштөө этаптарындагы абалына анализ берүү менен өзүнө таандык спецификасын ачыктоо зарылдыгы келип чыгат. Окумуштуу К. Абакиров жазуучунун балдар адабиятына кошкон салымын белгилеп, анын алгачкы аңгемесиндеги фольклор менен реалисттик адабияттын катышын төмөнкүчө белгилейт: “А.Токомбаевдин “Канаттуу достор” (1935) аттуу балдар аңгемеси жомоктуулук менен реалдуулукту синтездештирүү аракетинен жаралып жаш муундардын табият жөнүндөгү түшүнүгүн кеңейтүү максаты алдынкы планга чыгарылган”. [1, 38-б] Андан ары адабиятчы А. Токомбаевдин өзүнүн жыйында сүйлөгөн сөзүнөн мисал келтирип, калемгердин балдар адабиятынын өнүгүүсүнө кайдыгер эместигин, ага астейдил караганын тастыктайт: “Балдардын билимин көтөрүү, алардын пикирин кеңейтүү өздөрүнүн түшүнүктүү адабияты менен алымсындыруу болот”. [1, 39-б.] Дегинкиси кыргыз кесипкөй адабияты фольклордук чыгармачылыктан башат алып калыптанганын айтып жүрөбүз. [6] Аалы Токомбаев да жазма кесипкөй адабиятты түптөгөндөрдүн катарында прозада, биз сөз кылып жаткан аңгеме жанрында да элдик оозеки чыгармачылыкка кайрылып, анын мотивдерин реалисттик аңгемеге синтездеген. Бул “Даат” аңгемесинде дагы мыкты формада жүзөгө ашырылган десек болот. Башкы каарман Акыл аке атына жараша акылман карыя болуп, балдарды, өзүнүн окуучуларын илгир, дилгир тарбиялаган. Ошонун натыйжасында алар түндөп келген ууруларга жемин жедирбей, өздөрүн да сактап калышат.

Негизи адам проблемасы жалаң эстетиканын чегинде карала турган нерсе эмес, ал адегенде коомдук чөйрөдө, тарыхта өз ордун аныктайт, анан адабият предметине айланат, ошондуктан жеке сүрөткердин чыгармасында жаралган адам концепциясы жөнүндө сөз болобу, конкреттүү тарыхый учур, ал жараткан социалдык-психологиялык тенденциялар сөзсүз эске алынат. Буга байланыштуу көркөм адабий чыгармачылыктагы адам жана турмуштук кырдаал маселесине токтолуп жатып адабиятчы М.Б. Храпченко төмөнкүлөрдү белгилейт: “Опираясь на живые процессы действительности, реалистическая литература раскрыла различные грани и формы взаимосвязей человека и обстоятельств, равно как столкновений между ними. Соотношение этих двух основных  тенденций в в различные исторические периоды было неодинаковым. Вмешательство человека в ход событий, его воздействие на них яснее всего выступает в эпоху революций, в пору мощного роста освободительного народного движений. Явления эти находят свое выражение в литературе, хотя связи эдесь отнюдь не прямолинейные. Часто они достаточно сложны и опосредствованы». [7, 163] Дал ушундай кырдаал А. Токомбаевдин “Акай мерген” аңгемесинде баяндалат. Анда өткөн теңсиздик доордо жер-сууну ээлеп алган манаптын айылдын тоо-таштан аңчылык кылуусуна тыюу салып элди кыйын абалга калтырат. Ач отурган айылдаштарын, үй-бүлөсүн аяган Акай мерген ууга чыгып кийик атып жолдуу келет, бирок олжосун бөлүшүп келген айылдаштарынын кубанычы узакка созулбайт. Мерген чычырканакка бөлөнүп сабалып жазасын алат, анын уусунан каза болот. Бул тууралуу адабиятчы О. Ибраимов эмгегинде белгилеп, аңгемеде алынган турмуштук материал тарыхый негизге ээ экенин, окуя белгилүү тарыхый каарман Байтик жана Акай мергендин ортосундагы мамилеге байланыштуулугун эскертет. Манап жергиликтүү байдын эрке баласы ээлеп алган жердеги маралды атканы үчүн мергенди катуу жазалайт. [5, 226-б.] Ал эми “Күүнүн сырын” окумуштуу повесть катары карап, андагы окуяны аңгеменин ичиндеги аңгеме катары көрсөткөн. Чечмелеп айтканда, аңгеменин каарманы дагы бир башка аңгемени баяндап берет.

Окумуштуу К. Ибраимов азыркы доордун адабий процесси менен байыркы доолордогу мифтик чыгармачылыкты салыштырып келип фольклордук-мифологиялык аң-сезим калдыктары жазуучулардын турмуштук тажрыйбасынын табигый бөлүгүн түзүп тургандыгын белгилейт. [4, 4-б.] Бул көрүнүш көптөгөн жазуучулардын чыгармаларында айкалышта келери чыгарма жаратуудагы кадыресе ыкма катары калыптанган. Дегинкиси адам аң-сезиминде жана анын түпкү бейаң бөлүгүндө өткөн доорлордун элестери жашайт жана алар искусствонун түрдүү жанрларында, анын ичинде көркөм адабиятта да кездешет. Биз карап жаткан Аалы Токомбаевдин чыгармачылыгында да фольклордон таасирленүү жана андан материал алуу орун алган.

Автордун фольклорду чыгармачылык менен пайдалангандыгын биз жогоруда аталган аңгемелеринен билебиз жана бул тууралуу айтылган төмөнкү пикирге кошулуу

максатка туура келет: “Бул аңгемелеринде турмуштук чындыкты автор бири-бири менен аңгемелеше калуучу карапайым адамдардын өз ооздору менен айттырат. Мындай ыкма окуяны баяндоонун кыска болушуна шарт түзөт да, эл арасынан угуп жүргөн кадимки эле сүйлөшүү, маектешүү стилин көз алдыга элестетет. Бирок окуялардын курчтугу, айтуучунун элестүү сөздөргө байлыгы, элдик учкул сөздөрдүн жыштыгы образдарды көркөм ачууга бап келип окуучуну кызыктырып жүрүп отурат”. [2, 114-б]

“Днестр терең деңизге куят” аңгемесинде болсо украин жергесиндеги революционерлердин турмушу баяндалат, андагы бир кичине көркөм деталга көңүл бурсак, камалып кетүү коркунучунан конспирацияга өткөн каармандардын ачарчылыкта жашоосу, кичине бөбөккө мурда мышыкка берилип бирок желбей калган нандын күйүк сыныгын мештин артынан таап сууга жибитип бергени учкай баяндалат. Аңгеменин башкы идеясы эл эркиндиги үчүн күрөшкөн революционерлер замандын эл үчүн жакшы жакка өзгөрүшүн, эркин эмгекти өз өмүрүнөн жогору коюшарын даңазалайт.

Ал эми “Өлүм кимди коркутпайт” аңгемеси кийинки учурдагы эле турмуштун бир үзүмүн көрсөткөн чакан чыгарма. Автор анда адам баласы капыс ооруп калганда кандай сезимдерге туш болорун, өмүр менен өлүмдүн арасы кээде өтө аз өлчөмдө болуп каларын көрсөткөн. Өмүрдүн кымбаттыгы кээде кылт этип эске түшүп турса да, демейде байкабай алдырып жиберген учурлар турмушта арбын экени аңгеме аркылуу эскертилет.

**Корутунду жана алынган натыйжалар**

Кыргыз эл жазуучусу Аалы Токомбаевдин калеминен жаралган чыгармалар кыргыз адабиятынын өнүгүшүндө этаптык мааниге ээ. Жазуучунун чыгармачылыгындагы аңгеме жанры өзгөчө орунда, себеби ушул жанрдан прозага салым кошуусу башталган. Ошону менен бирге эле макалада төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

- А. Токомбаевдин аңгеме жаатындагы чыгармачылык эволюциясы жалпыланган түрдө адабий-теориялык багытта талдоого алынып, жазуучунун чыгармачылык өзгөчөлүктөрү кыргыз адабиятынын контекстинде каралуусу шарт;
- жазуучунун чыгармачылык эволюциясы жана андагы тематикалык башкы багыттар, проблемалар автор жашаган советтик доордун спецификасына ылайык келет;
- А. Токомбаевдин прозалык чыгармаларынын, анын ичинде аңгемелеринин идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, турмушту сүрөттөөдөгү, образдарды ачып берүүдөгү чеберчилиги өз учурунда бир топ жаш жазуучуларга үлгү болгон, алардан жазуучунун атуулдук позициясы көрүнүп турат;
- сүрөткердин аңгемелеринин тематикалык багыттары жана аларды ачуудагы жазуучунун чеберчилиги өз алдынча спецификага ээ;
- жазуучунун аңгемелериндеги ийгиликтер жана кенемтелер жалпы кыргыз адабиятынын калыптануу мезгилиндеги деңгээлине байланыштуу каралуусу максатка ылайык.

Жыйынтыктап айтканда, А. Токомбаевдин аңгемелери – анын чыгармачылыгынын башатында жана кийинки учурларында жаратылган көркөм туундулары. Аларда жазуучунун чеберчилигинин көрөңгөлөрү байкалып, тилинин жатыктыгы, лирикалуулугу, романтикага байлыгы менен окурмандардын эсинде калды. А. Токомбаев – өз мезгилинин добулбасын соккон жазуучу, анын кайсы чыгармасын албайлы, аларга өз мезгили, б.а советтик доор үчүн актуалдуу проблемаларды көтөргөн жаңычылдык мүнөздүү.

**Колдонулган адабияттар**

1. Абакиров К. Балдар адабиятынын тарыхы (1924-1956-ж.). – Бишкек, 2022.
2. Айтбаева Ш. Кыргыз фольклорунун жана адабиятынын маселелери. – Бишкек, 2018.
3. Борбугулов М. Адабият теориясы. – Бишкек, 1996.
4. Ибраимов К. Көркөм дөөлөттөр дүйнөсүндө /Азыркы адабияттагы миф жана реалдуулук /: Адабий сын макалалар. – Фрунзе: Кыргызстан, 1982.
5. Ибраимов О. История кыргызской литературы XX века. Т.1. – Бишкек, 2013.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы. 6-том. – Бишкек, 2005.
7. Храпченко М.Б. Художественное творчество. Действительность. Человек. – Москва, 1978.

**Рецензент: филол.и.д-р, профессор Абакиров К.**